**12.00.02 - – конституциялык укук; муниципалдык укук адистиги боюнча Кыдыралиев Жаныбек Болотовичтин «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын конституциялык укуктук статусу жана уюштуруучулук негиздери» аттуу темадагы юридика илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алуу үчүн сунушталган диссертациясы боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Мамлекет жана укук институтуна, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине жана Ош мамлекеттик университетине караштуу Д 12.24.695 Диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясынын мүчөсү, юридика илимдеринин доктору (12.00.02), доцент Мурзаибраимов Нурбек Бектемировичтин**

# КОРУТУНДУСУ

Эксперттик комиссиясынын мүчөсү Кыдыралиев Жаныбек Болотовичтин диссертациялык ишин карап чыгып, төмөнкү жыйынтыкка келди:

1. **Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши.**

«Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын конституциялык укуктук статусу жана уюштуруучулук негиздери» темасында юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденүүгө сунуш кылынган Кыдыралиев Жаныбек Болотовичтин кандидаттык диссертациясы Д 12.24.695 диссертациялык кеңештин профилине туура келет.

Автор тарабынан Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын конституциялык-укуктук статусу жана уюштуруучулук негиздери комплекстүү анализден өткөрүлүп, алардын ишмердүүлүгүн укуктук жөнгө салуу маселелери, ар кандай деңгээлдеги коомдук бийлик ортосундагы ыйгарым укуктарды бөлүштүрүү каралып, учурдагы мыйзамдарды өркүндөтүү боюнча сунуштар иштелип чыккан. Айрыкча көңүл заманбап санариптик технологияларды ЖӨБдүн ишмердүүлүгүнө киргизүүнүн практикалык аспектилерине, алардын ишинин ачыктыгын жана отчеттуулугун камсыздоого, кадрлар резервин түзүүгө жана административдик-аймактык реформанын кесепеттерине ыңгайлашууга бурулган. Изилдөөдө эл аралык тажрыйба эске алынып, салыштырмалуу укуктук анализ жүргүзүлгөн, бул диссертацияны конституциялык жана муниципалдык укук жаатындагы актуалдуу жана маанилүү иштерге киргизүүгө мүмкүндүк берет. Мунун баары изилдөөнүн 12.00.02 – конституциялык укук; муниципалдык укук адистигинин паспортуна толук туура келерин тастыктайт.

**2. Изилдөөнүн максаты** - жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын конституциялык-укуктук статусун жана уюштуруучулук негиздерин ар тараптуу талдоо, көйгөйлөрдү аныктоо жана аларды өркүндөтүү боюнча сунуштарды иштеп чыгуу болуп саналат.

Коюлган максат диссертацияда төмөндөгү **милдеттерди** аткаруу менен чечилген:

1. Кыргыз Республикасындагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын түшүнүгүн, белгилерин жана маңызын аныктоо.
2. Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердүүлүгүнүн негизин түзгөн конституциялык принциптерди изилдөө;
3. Кыргыз Республикасындагы ЖӨБ органдарынын ишмердүүлүгүнүн конституциялык-укуктук негиздерин пайда болуусун жана өнүгүүсүн талдоо.
4. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын түзүмүн жана ыйгарым укуктарын изилдөө менен аларга карата сунуштарды иштеп чыгуу.
5. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын мамлекеттик органдар менен чектешүүсү боюнча укуктук көйгөйлөрдү аныктоо жана мамлекеттик органдар тарабынан өткөрүлүп берилген ыйгарым укуктарга талдоо жүргүзүү.
6. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердүүлүгүндөгү мыйзамдуулуктун акарылышын, тартиптин сакталышын жана жоопкерчиликке тартуунун укуктук негиздерин жана андагы көйгөйлөрдү аныктоо.
7. Административдик-аймактык реформанын жүрүшүндө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында пайда болгон көйгөйлөрдү изилдөө жана практикалык сунуштарды иштеп чыгуу.
8. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердүүлүгүн жөнгө салган мыйзам актыларын изилдөө жана аларды өркүндөтүү боюнча сунуштарды иштеп чыгуу.

**Диссертациялык изилдөөнүн объектиси** Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын конституциялык-укуктук статусу жана алардын уюштуруучулук негиздери болуп саналат.

**Изилдөөнүн предмети** – ЖӨБ органдарынын статусун, ыйгарым укуктарын, уюштуруучулук түзүмүн жана мамлекеттик органдар менен өз ара аракеттенүү механизмдерин жөнгө салуучу конституциялык-укуктук нормалар.

Диссертант изилдөөсүндө төмөнкү усулдарды колдонгон: жалпы ыкмалар: жалпылаштыруу, салыштыруу, байкоо, модельдештирүү; жалпы илимий ыкмалар: анализ, синтез, логикалык, индукция, дедукция, системалык, функционалдык; жеке илимий ыкмалар: тарыхый анализ, эмпирикалык, аксиологиялык, маданият таануу, социологиялык; атайын-юридикалык

ыкмалар: салыштырма укуктук, формалдуу юридикалык. Изденүүчү колдонгон усулдар коюлган маселелерге туура келет жана 12.00.02 – конституциялык укук, муниципалдык укук адистиги боюнча изилдөөлөргө карата коюлган талаптарга жооп берет.

**2.2. Диссертациялык изилдөөнүн темасынын актуалдуулугу** Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердүүлүгүндө элдик бийлик, ачыктык жана отчеттуулук принциптерин натыйжалуу ишке ашырууну камсыздоонун маанилүүлүгү менен аныкталат. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу укуктук мамлекеттин негиздерин түзүүдө негизги ролду ойнойт, калкты коомдук кызматтарга жеткиликтүүлүк менен камсыз кылат, региондордун социалдык-экономикалык өнүгүүсү жана жергиликтүү демилгелердин ишке ашуусу үчүн шарттарды түзөт.

Конституциялык жана мыйзамдык негиздердин болушуна карабастан, практика көрсөткөндөй, Кыргызстандагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасы бир катар көйгөйлөргө туш болууда: мамлекеттик жана жергиликтүү органдардын ортосундагы функциялардын кайталанышы, аракеттердин жетишсиз координациясы, кадрлардын жетишсиздиги, чектелген каржылык жана материалдык ресурстар. Бул маселелер өзгөчө 2024-жылдагы административдик-аймактык реформаны жүргүзүү шартында курч көрүнүп, ЖӨБдүн уюштуруу түзүмдөрүн, алардын компетенцияларын жана каржылык камсыздоосун кайра карап чыгуу жана адаптациялоону талап кылды.

Башкаруунун санариптештирүү тенденцияларын жана мамлекет менен коомдун өз ара аракеттенүүсүнүн жаңы формаларын киргизүүнү эске алуу менен, ЖӨБдүн укуктук жөнгө салуусун өркүндөтүү, бийлик органдарынын ар кандай деңгээлдеринин өз ара аракеттенүү механизмдерин иштеп чыгуу жана натыйжалуу кадрларды даярдоо системасын түзүү зарылдыгы өсүүдө.

Ошентип, Кыргыз Республикасындагы жергиликтүү өз алдынча башкаруунун конституциялык-укуктук статусун жана уюштуруу негиздерин изилдөөгө арналган изилдөөнүн темасы теориялык жана практикалык мааниге ээ болуп, мезгилдин чакырыктарына жана коомдук бийлик системасын модернизациялоонун муктаждыктарына жооп берет.

**Диссертацияда коюлган ар бир маселени чечүүнүн зарылдыгын негиздөөдө илимий адабияттык маалыматтарды сынчыл талдоонун деңгээли жана толуктугу.** Диссертациялык изилдөө жүргүзүү процессинде автор ар түрдүү илимий булактарды изилдеп, кеңири тажрыйбалуу изилдөө методдорун колдонгон, бул болсо коюлган максаттарга жана милдеттерге ылайык диссертациялык теманын мазмунун терең жана толук ачууга өбөлгө түзгөн. Изилдөө өзүнүн фундаменталдуулугу жана жаңычылдыгы менен айырмаланып, түзүмү тактык жана мазмундуулук менен мүнөздөлөт. Жогоруда айтылгандарга таянып, изденүүчү тарабынан жүргүзүлгөн илимий

изилдөө актуалдуулугу жана өз убагында жүргүзүлүшү менен баалуу деген жыйынтыкка келүүгө негиз бар.

**3. Илимий жыйынтыктар**

Иште төмөнкү жаңы илимий негизделген теориялык жыйынтыктар көрсөтүлгөн, алардын жыйындысы юридикалык илимдин өнүгүшү үчүн маанилүү мааниге ээ.

**1-жыйынтык.** Автор тарабынан “жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары” түшүнүгүн тактоо максатында жаңы аныктама иштелип чыгып, аны Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына киргизүү сунушу берилген. Бул сунуш ЖӨБ органдарынын макамын жана мыйзамдардын тактыгын камсыз кылууга багытталган.

**2-жыйынтык.** ЖӨБ органдарынын ишмердүүлүгүн жөнгө салган конституциялык принциптерди топтоштуруу жана аларды үч негизги топко бөлүү аркылуу конституциялык-укуктук чөйрөнүн тутуму так аныкталган.

**3-жыйынтык.** Кыргыз Республикасынын тарыхында ЖӨБ органдарынын түзүлүшүнүн жана өнүгүү баскычтары системалаштырылып, ар бир этаптын өзгөчөлүктөрү жана мазмуну жаңыча концепциялык негизде баяндалган.

**4-жыйынтык.** Конституциянын 112-беренесине өзгөртүү киргизүү сунушу менен ЖӨБ органдарынын түзүмүн мыйзам чегинде бекемдөө, айыл башчысынын макамын жана ролун тактоо сунушталган.

**5-жыйынтык.** Мамлекеттик ыйгарым укуктарды ЖӨБ органдарына өткөрүүдө каржылык камсыздоо, мыйзамдуулук жана тараптардын тең укуктуулугу принциптерин сактоо боюнча жаңы концепция иштелип чыккан.

**6-жыйынтык.** Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын ишин жогорулатуу үчүн алардын жоопкерчилигин күчөтүү жана иш этикасын бекемдөө, ошондой эле алардын ролун мыйзам деңгээлинде тактоо боюнча сунуштар иштелип чыккан.

**7-жыйынтык.** Административдик-аймактык реформадагы өзгөрүүлөргө ылайык ЖӨБ органдарынын кадрдык курамын жакшыртуу, кесиптик деңгээлин жогорулатуу жана карьердик өсүш системасын киргизүү сунушталган.

**8-жыйынтык.** ЖӨБ жөнүндө мыйзамды эки өзүнчө мыйзамга бөлүү – “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө” жана “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” – концепциясы иштелип чыккан, бул мыйзамдардын тактыгына жана конституциялык принциптерге шайкештигин камсыз кылат.

**9-жыйынтык.** Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын компетенцияларын кеңейтүү жана милдеттерин тактоо боюнча жаңы жоболор сунушталып, алардын ишинде отчеттуулук жана жоопкерчилик механизмдерин киргизүү каралган.

**3.1. Алынган натыйжалар заманбап юридикалык илимдин алкагында илимий жаңылыкты мүнөздөйт, ал төмөнкүлөрдөн турат:**

*1-жыйынтык.* **Жаңы,** анткени автор тарабынан ЖӨБ органдарынын түшүнүгү боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын жана эл аралык укуктук практикасын изилдөө менен иштелип чыккан.

*2-жыйынтык.* **Жаңы,** анткени конституциялык принциптер системалаштырылып, ЖӨБ органдарынын укуктук негиздери так аныкталган.

*3-жыйынтык.* **Жаңы**, анткени Кыргызстандын тарыхында ЖӨБ органдарынын өнүгүү баскычтары жаңыча көз караш менен баяндалган.

*4-жыйынтык.* **Жаңы,** анткени Конституцияга айыл башчысынын макамын киргизүү жана анын милдеттерин тактоо боюнча сунуш иштелип чыккан.

*5-жыйынтык.* **Жаңы**, анткени мамлекеттик функцияларды ЖӨБ органдарына өткөрүүдө каржылык камсыздоо жана мыйзамдуулук боюнча жаңыча концепция сунушталган.

*6-жыйынтык.* **Жаңы,** анткени жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын ишинин сапатын жогорулатуу жана этикасын бекемдөө боюнча сунуштар иштелип чыккан.

*7-жыйынтык.* **Жаңы,** анткени административдик реформадагы өзгөрүүлөрдү эске алуу менен кадрлар системасын өркүндөтүү боюнча жаңы чаралар сунушталган.

*8-жыйынтык.* **Жаңы,** анткени мыйзамды эки өзүнчө мыйзамга бөлүү концепциясы иштелип чыгып, анын укуктук негиздүүлүгү камсыздалган.

*9-жыйынтык.* **Жаңы,** анткени депутаттардын компетенцияларын жана жоопкерчилигин тактоо боюнча конкреттүү жоболор сунушталган.

**3.2. Илимий жыйынтыктардын ишенимдүүлүгүн негиздөө**

Диссертациялык иште түзүлгөн жыйынтыктар жана тыянактар жетиштүү негизделген жана ишенимдүү, бул колдонулган методологиялык аппарат менен аныкталат.

**1-жыйынтык.** Негизделген жана ишенимдүү, анткени формалдуу-укуктук жана салыштырмалуу методдор менен иштелип чыккан түшүнүк ЖӨБ мыйзамдарынын тактыгын камсыз кылат.

**2-жыйынтык.** Негизделген жана ишенимдүү, анткени конституциялык принциптердин системалаштырылышы мыйзамдар жана эл аралык практика менен тастыкталган.

**3-жыйынтык.** Негизделген жана ишенимдүү, анткени ЖӨБ өнүгүү этаптарынын тарыхый-укуктук анализи жүргүзүлгөн.

**4-жыйынтык.** Негизделген жана ишенимдүү, анткени айыл башчысынын макамын мыйзамда тактоо эл аралык практика жана Кыргызстандын укуктук ченемдери менен салыштырылган.

**5-жыйынтык.** Негизделген жана ишенимдүү, анткени мамлекеттик ыйгарым укуктарды ЖӨБгө өткөрүүдө финансылык жана мыйзамдык аспекттер анализделген.

**6-жыйынтык.** Негизделген жана ишенимдүү, анткени депутаттардын этикасын жана жоопкерчилигин күчөтүү боюнча сунуштар иштелип чыккан жана эл аралык практика менен тастыкталган.

**7-жыйынтык.** Негизделген жана ишенимдүү, анткени кадрлар системасын өркүндөтүү жана кесиптик деңгээлин жогорулатуу боюнча практикалык сунуштар иштелип чыккан.

**8-жыйынтык.** Негизделген жана ишенимдүү, анткени мыйзамды эки өзүнчө мыйзамга бөлүү концепциясы Конституцияга жана мыйзамдарга ылайык далилденген.

**9-жыйынтык**. Негизделген жана ишенимдүү, анткени депутаттардын компетенцияларын жана милдеттерин тактоо боюнча сунуштар мыйзамдык жана эл аралык практика менен салыштырылган.

**3.3. Диссертациялык иштин теориялык мааниси**

Кыдыралиев Жаныбек Болотовичтин диссертациялык ишинин теориялык мааниси Кыргыз Республикасында жергиликтүү өз алдынча башкаруунун конституциялык-укуктук жөнгө салуусун жана уюштуруучулук негиздерин комплекстүү изилдөөдө жатат. Иш жергиликтүү өз алдынча башкаруунун иштөө принциптери жана механизмдери, алардын коомдук бийлик системасындагы ролу жана жер-жерлерде калктын укуктарын жана кызыкчылыктарын ишке ашырууну камсыз кылуу боюнча илимий түшүнүктү кеңейтет.

Изилдөөнүн комплекстүү жана системалуу мүнөзү анын конституциялык жана муниципалдык укук илими үчүн, ошондой эле коомдук башкаруу жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу менен байланышкан башка тармактык юридикалык дисциплиналарды өнүктүрүү үчүн маанилүүлүгүн аныктайт.

Диссертациядагы тыянактар жергиликтүү өз алдынча башкаруу маселелерин изилдөөнүн актуалдуулугун гана тастыктабастан, ЖӨБ органдарынын укуктук жөнгө салуу, мамлекет менен жергиликтүү жамааттардын өз ара аракеттенүүсү, муниципалдык бийликтин укуктук статусунун заманбап моделдерин иштеп чыгуу жаатында мындан аркы изилдөөлөр үчүн теориялык база болуп кызмат кыла алат.

Иште жаңы илимий ыкмалар жана сунуштар камтылган, алар ички шайкештикке ээ жана автордун улуттук юридикалык илимди өнүктүрүүгө өз алдынча салым кошконун көрсөтөт. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу маселелерин чечүүнүн сунушталган жолдору практиканы талдоого, чет өлкөлүк тажрыйба менен салыштырууга жана Кыргыз Республикасынын шарттарына ылайыкташтырууга негизделген, бул алардын илимий баалуулугун жана маанилүүлүгүн тастыктайт.

Ошентип, Ж.Б. Кыдыралиевдин диссертациясы жергиликтүү өз алдынча башкаруунун маңызын тереңирээк түшүнүүгө гана эмес, мыйзамдарды өркүндөтүү, Кыргыз Республикасында укук чыгаруу, интерпретациялоо жана укукту колдонуу ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн илимий негизди түзүүгө көмөктөшөт. Автордун тыянактары жана сунуштары коомдук бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу чөйрөсүндө жаңы изилдөөлөр жана иштеп чыгуулар үчүн методологиялык база катары колдонулушу мүмкүн.

**3.4. Квалификациялык белгилерге туура келиши**

Кыдыралиев Жаныбек Болотовичтин илимдин кандидаты даражасын алуу үчүн жазылган диссертациясы илимий-квалификациялык иш катары жаңы илимий багыттарды өнүктүрүү же актуалдуу илимий багыттарды концептуалдык жактан өркүндөтүү жана принципиалдуу жаңы илимий натыйжаларды камтышы менен квалификациялык талаптарга жооп берет. Андагы жыйынтыктар, практикалык сунуштар жана идеялар конституциялык-укуктук маселелерди илимий изилдөөдө жаңы концептуалдык ыкмаларды өркүндөтүүгө өбөлгө түзөт. Ошондой эле, бул иш укуктук чыгармачылык жана укукту колдонуу практикасында, коомдогу өзгөрүүлөр жана реформаларды ишке ашырууда, укуктук саясатты жүзөгө ашырууда натыйжалуу колдонулушу мүмкүн. Мындан сырткары, диссертация жогорку окуу жайларында теоретикалык жана тармактык юридикалык дисциплиналарды окутууда, билим берүү программаларын өркүндөтүүдө жаңы методикалык багыттарды иштеп чыгууга негиз болуп берет.

**4. Алынган жыйынтыктардын практикалык маанилүүлүгү**

Диссертациялык изилдөөнүн практикалык мааниси иштелип чыккан теориялык концепциялар жана практикалык сунуштар Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу чөйрөсүндөгү нормативдик-укуктук базасын өркүндөтүү үчүн натыйжалуу колдонулушу мүмкүн экендигинде турат. Сунушталган чаралар ЖӨБ органдарынын укуктук статусун бекемдөөгө, алардын функционалдык туруктуулугун жогорулатууга жана калк менен өз ара аракеттенүүнү жакшыртууга багытталган.

Изилдөөнүн жыйынтыктары мыйзам чыгаруу демилгелерин иштеп чыгууда, анын ичинде учурдагы мыйзамдарга өзгөртүүлөрдү киргизүү жана мамлекеттик жана муниципалдык органдардын ыйгарым укуктарын так бөлүштүрүүнү камсыз кылган жаңы нормативдик укуктук актыларды түзүү, ошондой эле кадр саясатынын жана каржылык жөнгө салуунун натыйжалуу механизмдерин камсыз кылууда эске алынышы мүмкүн.

Иштин практикалык сунуштары жогорку окуу жайларынын билим берүү процессине, квалификацияны жогорулатуу программаларына жана муниципалдык кызматкерлердин кесиптик кайра даярдоо курстарына, анын

ичинде адистештирилген окуу модулдарын жана насаатчылык программаларын иштеп чыгууга киргизилиши мүмкүн. Бул ЖӨБ чөйрөсүндөгү кадрлардын укуктук сабаттуулугун жогорулатууга гана эмес, жергиликтүү деңгээлде ачыктык, отчеттуулук жана натыйжалуулук принциптерин ишке ашырууга жөндөмдүү жаңы адистерди даярдоо үчүн шарттарды түзүүгө мүмкүндүк берет.

Ошентип, диссертация Кыргыз Республикасында жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасын андан ары өнүктүрүүгө багытталган мыйзам чыгаруу, билим берүү жана башкаруу ишмердүүлүгү үчүн практикалык сунуштардын маанилүү булагы болуп саналат.

**5. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши**

Автореферат диссертациянын мазмунуна, анда коюлган максаттарга жана изилдөөнүн милдеттерине толук шайкеш келет. Автореферат кыргыз, орус жана англис тилдеринде бирдей резюмеге ээ.

**6. Эскертүүлөр:**

Жалпысынан диссертациялык изилдөө боюнча орчундуу сын пикирлер жок, бирок кошумча редакциялоонун зарылчылдыгы бар экендигин белгиленет.

**7. Сунуштар**

Диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясынын мүчөсү Мурзаибраимов Нурбек Бектемирович изденүүчү Ж.Б. Кыдыралиевдин кандидаттык диссертациясы боюнча төмөнкүлөрдү дайындоону сунуштайт:

- **жетектөөчү уюм катары** Кыргыз Республикасынын Эл аралык университетинин «Юриспруденция жана эл аралык укук» кафедрасын дайындоо; Адреси: Бишкек ш., Чуй пр.255

- **биринчи расмий оппонент катары** - Бейшембиев Э.Дж., юридикалык илимдердин доктору (12.00.02), Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук Университетинин Юридикалык институтунун мамлекет жана укук теориясы жана тарыхы кафедрасынын профессору, изилдөө маселесине жакын эмгектери бар:

1. Бейшембиев Э.Дж. Кыргызская Республика и современное международное право. Монография.-Б.:Алтын принт.2020.-244 с.
2. Бейшембиев Э.Дж. Кыргызстан – от кочевого к современному государству. – Б. Вестник КГЮА. - №2. – 2008. – С. 16-20
3. Бейшембиев Э.Дж. Кыргызстан и международные договоры. – Научные труды. Эдилет. – Алматы. - №2 – 2012.- С.102-105.

- **экинчи расмий оппонент катары** – Сатимкулов Убайдулла Акилбекович, юридикалык илимдердин кандидаты (12.00.02), Бишкек

шаарынын Биринчи май райондук сотунун судьясы, изилдөө маселесине жакын төмөнкү эмгектери бар:

1. Сатимкулов У.А. Некоторые аспекты полномочий Президента Кыргызской Республики, касающиеся вопросов гражданства // Вестник КРСУ. 2017. Том 17. № 6

2. Сатимкулов У. А. Обжалование решения по вопросам гражданства // Актуальные проблемы гуманитарных и естественных наук. 2016. №12-3.

3. Сманалиев К. М., Сатимкулов У. А. Возбуждение дела о гражданстве Кыргызской Республики // Актуальные проблемы гуманитарных и естественных наук. 2016. №12-3.

**8. Сунуштамалар**

1. Диссертацияны кеңейтүү үчүн Кыргызстандын жана чет өлкөлөрдүн мыйзамдарын салыштырмалуу талдоону кошуу керек, мамлекеттик бийлик органдары менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ыйгарым укуктарын ажыратуу маселелери боюнча реформалоо сунуштарын негиздөө үчүн.

2. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу аткаруу органдарынын башчыларын шайлоо маселелерине арналган бөлүмдөрдү өнүктүрүү сунушталат, талапкерлерди даярдоо процедураларын, алардын кесиптик компетенттүүлүгүн камсыз кылуу жана коомдук көзөмөл практикасын киргизүүнү деталдуу сүрөттөө менен.

**9. Корутунду**

Кыдыралиев Жаныбек Болотович тарабынан алынган натыйжалар изилденген маселелердин алкагында ички биримдик жана натыйжалардын байланышы менен мүнөздөлөт.

Диссертацияда түзүлгөн илимий жоболор, жыйынтыктар жана практикалык сунуштар ишенимдүү булактарга, ата мекендик жана чет элдик мыйзамдарды, ошондой эле укук колдонуу практикаларын талдоого негизделген.

Диссертациялык иштин түзүмү илимий изилдөөнүн логикасына ылайык келет жана анын максаттары жана милдеттери менен аныкталат.

Диссертациялык изилдөөдө ички биримдикке ээ болгон бир катар жаңы илимий натыйжалар жана жоболор камтылган, бул автордун юридикалык илимге жеке салымын көрсөтөт.

Учурдагы маселелерди чечүүнүн сунушталган жаңы жолдору жетиштүү деңгээлде негизделген жана сынчыл бааланган. Диссертациялык кеңешке сунушталган диссертациянын электрондук варианты диссертациянын кол жазмасына ылайык келет.

**10.** Диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясынын мүчөсү, юридика илимдеринин доктору, доцент Мурзаибраимов Нурбек Бектемирович, сунушталган документтерди карап чыгып, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Мамлекет жана укук институтуна, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине жана Ош мамлекеттик университетине караштуу Д 12.24.695 Диссертациялык кеңешине 12.00.02 – конституциялык укук; муниципалдык укук адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алуу үчүн **Кыдыралиев Жаныбек Болотовичтин «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын конституциялык укуктук статусу жана уюштуруучулук негиздери»** аттуу диссертациясын кабыл алууну сунуштайт.

**Эксперттик комиссиясынын мүчөсү:**
**Юридика илимдеринин доктору, доцент** **Н.Б. Мурзаибраимов**

*Эксперттик комиссиясынын мүчөсүнүн кол тамгасын тастыктайм:*

**Д 12.24.695 Диссертациялык кеңештин**
**окумуштуу катчысы,**
**юридика илимдеринин доктору** **К.С. Жылкичиева**

**2025ж. «_______________»**